**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

_____________________№___ Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 23-июнундагы № 1-д «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү калкты каттоо жана архив иши чөйрөсүндөгү мамлекеттик кызматтардын стандарттарын бекитүү жөнүндө" буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобонун 12-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомунун 1-тиркемесинин 2-пунктун аткаруу үчүн **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 23-июнундагы 1-д буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү калкты каттоо жана архив иши чөйрөсүндөгү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1, 5, 12, 13, 17-пункттардын 15-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | |
|---|---|---|
| 15. | | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы № 525 токтому менен бекитилген Электрондук кызмат мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелерине ылайык portal.tunduk.kg Электрондук кызмат |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | |
|---|---|---|
| | | көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында кызмат көрсөтүү электрондук форматта берилет.<br>Электрондук санарип кол тамганын жана КР eID паспортунун болушу милдеттүү шарт болуп саналат.<br>Электрондук арызды тариздөө үчүн portal.tunduk.kg Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында авторлошуудан өтүү зарыл.<br>Онлайн интерактивдүүлүк баскычы – 3.<br>Веб-баракчанын өтүнүчтү электрондук формада толтуруу жана аны кагазга басып чыгарбастан маморган тарабынан кароого кабыл алуу функционалдык мүмкүнчүлүктөрү бар. |

".

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 23-июнундагы 1-д буйругу менен бекитилген Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарына киргизилген өзгөртүүлөрдү милдеттүү түрдө сактоону камсыз кылышсын.

3. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги:

- бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин расмий сайтына жарыяласын;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөсү жиберилсин:

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине;

маалымат алуу үчүн - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министринин орун басары К. С. Омельченкого жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**санариптик өнүктүрүү министри** **Н.А. Кутнаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН